***Баткен облустук  статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун*
# *социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-август*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

---

## *Баткен-2021*

*Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2021-жылдын январь-август айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 19 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2021-жылдын 13-сентябры.

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

***М А З М У Н У***


| | | |
|---|---|---|
| ***I*** | ***Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………*** | ***4*** |
| ***II*** | ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………..*** | ***5*** |
| ***III*** | ***Сектордук обзор……………………………………………………..*** | ***6*** |
| | ***Реалдуу сектор……………………………………………………….*** | ***6*** |
| | Өнөр жайы……………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым……………………………………………………... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш…………………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу………………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу………………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| ***IV*** | ***Мамлекеттик сектор………….…………………..………………...*** | ***12*** |
| | Финансы………………………………………………………………. | 12 |
| | Ишканалардын финансысы……………………………………... | 13 |
| ***V*** | ***Социалдык сектор……………………………………………………...*** | 13 |
| | Турак жай курулушу…………………………………………………... | 13 |
| | Демографиялык жагдай…………………………………………… | 13 |
| | Калктын оорулары...................................................................................... | 14 |
| | Укук бузуулар.............................................................................................. | 15 |
| | ***Тиркеме…………………………………………………………………*** | ***16*** |

# *ОБЛУСТУН 2021- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-АВГУСТ АЙЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2021-жылдын январь-август айында 2308735,6 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 118,9 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2021-жылдын январь-август айларында 12367,7 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 93,1 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-август айында 1607237,7 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 18,4 пайызга өскөн.

2021-жылдын январь-август айында турак жай курулушунда жалпы аянты 35505,0 чарчы метр болгон 330 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-август айынын денгээлине салыштырмалуу 110,7 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 527234,7 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-август айларында 832,1 миң тонна жүк ташылып, 2020-жылдын январь-август айларына салыштырмалуу 109,2 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 117821,3 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 129,4 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2021-жылдын январь-август айында 11340334,0 миң сомду түзүп, 2020-жылдын январь-август айынын денгээлинен 3,3 пайызга төмөндөгөн.

2021-жылдын январь-август айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 9618652,5 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2020-жылдын январь-август айынын деңгээлинен 3,9 пайызга төмөндөгөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-август айында 1721681,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 13,1 пайызга өскөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-август айын өткөн жылдын январь-август айына салыштырганда 110,9 пайызды, ал эми ушул жылдын август айын өткөн июль айына салыштырганда 100,8 пайызды түздү.

Облус боюнча 2021-жылдын январь-июль айында бир айлык орточо эмгек акы 15391,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 14,3 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2021-жылдын январь-август айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, бруцеллез, котур, инфекциялык ВИЧ оорууларынын, кургак учук, өткүр респиративдүү ооруларынын төмөндөшү, ал эми вирустуу гепатит В түрү, жаныбарлардын тиштеп алуусунун, эхинококкоз, ичегинин өткүр инфекциясынын, бактериялуу дизентерия, эпидемиялык паротит, аскаридоз, гонорея, педикулез оорууларынын өсүшү менен мүнөздөлдү.

## *II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР*

| | 2021 ж. январь-август айларында | 2021ж август айы 2020ж август айына карата пайыз менен | 2021-жылдын январь-август айлары 2020-жылдын январь-август айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 2308735,6 | 150,9 | 118,9 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 12367,7 | 107,3 | 93,1 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 1607237,7 | 2эсе | 118,4 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 35505,0 | 55,6 | 110,7 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 832,1 | 100,4 | 109,2 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 117821,3 | 94,1 | 129,4 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 11340334,0 | 116,1 | 96,7 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 9618652,5 | 110,1 | 96,1 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 1721681,5 | 125,9 | 113,1 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 15391,0[1)] | 106,7[2)] | 114,3[3)] |

***[1)] 2021ж. январь-июль***
***[2)] 2021ж. июль***
***[3)] 2021ж. январь-июль***

## *III. СЕКТОРДУК ОБЗОР*

### Реалдуу сектор

***<u>Өнөр жайы.</u>*** Облус боюнча 2021-жылдын январь-август айында 2308735,6 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 118,9 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 946207,1 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 41,0 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 691168,2 миң сомду же 30,0 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 502986,3 миң сомду же 21,8 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 168374,0 миң сомду же 7,2 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-август айында 691168,2 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 129,2 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-август айында 345493,0 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-август айына салыштырмалуу 135,1 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Кадамжай району 78847,8 тоннага, Сүлүктү шаары 7909,8 тоннага, Баткен району 2793,4 тоннага, Лейлек району 119,0 тоннага көмүрдү көп казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 946207,1 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 118,1 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 463595,3 миң сомду (көлөмдүн 49,0 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 97100,9 миң сомду (көлөмдүн 10,3 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 19779,3 миң сомду (көлөмдүн 2,1 пайызын), химия өндүрүшү 22146,0 миң сомду (көлөмдүн 2,4 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 228358,6 миң сомду (көлөмдүн 24,1 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 33445,5 миң сомду (3,5 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 81781,5 миң сомду ( 8,6 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-август айында өткөн жылдын январь-август айына салыштырмалуу 111,0 пайызды түздү.

Топтолгон жана тазаланган суу 6,2 пайызга, сымап өндүрүү 5,0 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 3,4 пайызга, таш көмүр өндүрүү 35,1 пайызга, иштетилген сүт азыктары 10,2 пайызга, тазартылган күрүч 5,3 пайызга, коньяк спирти 36,4 пайызга, үй эмеректери 37,6 пайызга, жаңы бышкан нан 6,1 пайызга, бышырылбаган керамика кирпичи 85,7 пайызга, бышырылган керамика кирпичи 31,3 пайызга, бут кийим тигүү 6,8 пайызга, кондитер азыктары 7,0 пайызга, балмуздак 17,9 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 35,4 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 0,3 пайызга өскөн. Ал эми иштетилбеген мунайзат 5,5 пайызга, килемдер 3,2 пайызга аялдардын тигилүү кийими 28,8 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 4,1 пайызга, эт азыктары 10,6 пайызга, төмөндөгөн.

*2021-жылдын январь-август айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 97100,9 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-август айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 133,8 пайызды, ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 22146,0 миң сомболуп, физикалык көлөмдүн индекси 105,0 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-август айында 33445,5 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-август айына салыштырганда 98,5 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-август* айында 502986,3 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 95,9 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 168374,0 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 138,7 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы
(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын
үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***<u>Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.</u>*** 2021-жылдын январь-август айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 12367,7 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 93,1 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-август айларында 16732,3 тонна эт, 70250,5 тонна сүт, 14676,7 миң даана жумуртка, 688,9 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,3 пайызга, сүт өндүрүү 0,2 пайызга, жумуртка өндүрүү 1,4 пайызга өскөн. Ал эми жүн 1,7 пайызга аз өндүрүлгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 0,7, Лейлек районунда 0,5, Баткен шаарында 0,5, Кызыл-Кыя шаарында 0,1, Сүлүктү шаарында 0,3 пайызга өсүү болгон. Ал эми Кадамжай районунда өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 0,4, Кадамжай районунда 0,1, Лейлек районунда 0,5, Баткен шаарында 1,1, Кызыл-Кыя шаарында 0,1 пайызга жогорулаган. Ал эми Сүлүктү шаарында 4,0 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртканы Баткен району 0,7, Кадамжай району 2,8, Лейлек району 0,4, Баткен шаары 0,7, Кызыл-Кыя шаарында 0,1, Сүлүктү шаарында 0,3 пайызга көп өндүргөн. Жүн өндүрүү Баткен шаарында 0,4 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен районунда 1,6, Кадамжай районунда 2,1, Лейлек районунда 1,1, Сүлүктү шаарында 6,8, Кызыл-Кыя шаарында 0,5 пайызга аз өндүрүлгөн.

Облус боюнча 2021-жылдын 1-сентябрына карата 33173,8 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 61,0 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерди өндүрүүнү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Баткен району 54,5 пайызга, Кадамжай району 90,8 пайызга, Лейлек району 53,3 пайызга, Баткен шаары 30,0 пайызга жана Кызыл-Кыя шаары 58,4 пайызга аткарган. Анын ичинен буудай 20382,4 тонна же 73,2 пайызды, арпа 9281,6 тонна же 42,1 пайызды түзгөн. Андан сырткары Баткен районунда 221,7 тонна, Кадамжай районунда 1016,3 тонна, Лейлек районунда 129,0 тонна, Баткен шаарында 60,0 тонна жана Кызыл-Кыя шаарында 21,0 тонна дан буурчактары өндүрүлгөн. Картошка 21476,6 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 103,4 пайызды, жашылча 40677,2 тонна же 116,0 пайызды, мөмө-жемиш 29921,2 тонна же 71,6 пайызды, жүзүм 995,0 тонна же 155,0 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Баткен районунда 86,0 пайызга, Кадамжай районунда 99,4 пайызга, Лейлек районунда 107,1 пайызга, Баткен шаарында 100,0 пайызга жана Кызыл-Кыя шаарында 123,6 пайызга аткарылган. Жашылча жыйноо Баткен районунда 160,2 пайызга, Кадамжай районунда 101,5 пайызды, Лейлек районунда 129,1 пайызды, Баткен шаарында 66,7 пайызды жана Кызыл-Кыя шаарында 150,8 пайызды жана Сүлүктү шаарында 100,4 пайызды түздү. Мөмө-жемиш өндүрүү Баткен районунда 54,1 пайызды, Кадамжай районунда 99,2 пайызды, Лейлек районунда 39,1 пайызды, Баткен шаарында 50,8 пайызды, Кызыл-Кыя шаарында 62,9 пайызды жана Сүлүктү шаарында 100 пайызды түздү. Жүзүм мөмөсүн жыйноо Лейлек районунда 76,3 пайызды түздү.

***Капиталдык салым.*** 2021-жылдын январь-август айларында 1607237,7 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2020-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 18,4 пайызга өскөн. Капиталдык салымдар Лейлек районунда 2,4 эсеге, Баткен шаарында 4,3 эсеге, Кызыл-Кыя шаарында 22,7, Сүлүктү шаарында 97,5 пайызга өсүүлөр болду. Ал эми Баткен районунда 24,2 пайызга, Кадамжай районунда 14,8 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын, калктын каражаттары жана чет өлкөлүк кредиттер түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 85,1 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




***Транспорт жана байланыш.*** 2021-жылдын январь-август айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 832,1 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-август айларына салыштырмалуу 109,2 пайызды түздү.

2021-жылдын январь-август айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 5588,9 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 117821,3 миң жүргүнчү-км түздү (2020-жылдын январь-август айына салыштырмалуу 129,4 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2021-жылдын январь-август айларында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2021-жылдын январь-август айында 11340334,0 миң сомду түзүп, 2020-жылдын январь-август айына салыштырмалуу 3,3 пайызга төмөндөп, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 10951199,3 миң сом болуп 4,1 пайызга төмөндөгөн.

***Керектөө рыногу***. Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-август айында 8972515,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу6,9 пайызга төмөндөгөн.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 5049731,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 1,4 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 56,3 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-август айында 9618652,5 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,9 пайызга төмөндөгөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-август айында 22360,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 20,0 пайызга төмөндөгөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-август айында 3498410,0 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 18,7 пайызга төмөндөгөн.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (79,8 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-август айында 7679774,2 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 5,8 пайызга төмөндөгөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-август айында 1721681,5 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 13,1 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




***<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>*** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2021-жылдын 1-сентябрына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 13854 адамды түздү, анын ичинен 10464 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 223 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2021-жылдын 1- сентябрына карата 507 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 27 адам туура келди.

Облус боюнча 2021-жылдын июль айында бир айлык орточо эмгек акы 15391,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 14,3 пайызга өскөн. 2021-жылдын январь-июль айында бир айлык орточо эмгек акы 14196,4 сом өлчөмүндө калыптанып, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 6,7 пайызга өскөн.

Эмгек акы өткөн айга салыштырмалуу too кен казуу, кайра иштетүү өнөр жайлары, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, транспорт ишмердиги, информация жана байланыш, финансылык ортомчулук жана камсыздоо, илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, мамлекеттик жана көмөкчү ишмердүүлүк, курулуш, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү тармактары боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2021-жылдын июль айында 181,6 долларды түздү.

2021-жылдын 1-августуна карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 42703,6 миң сом болду.

Эмгек акыны төлөө карызынын 91,1 пайызын Кадамжай району, 8,9 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны

(адам)




***Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-август айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 124,9 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 126,4 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 123,2 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2021- жылдын август айында өткөн жылдын август айына салыштырмалуу 95,6 пайызды түздү. Ал эми 2021-жылдын январь-август айлары өткөн жылдын январь-август айларына салыштырмалуу 102,4 пайызды түздү.

***Баалардын жана тарифтердин индекси.*** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-август айын өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 110,9 пайызды түздү, ал эми август айын 2021-жылдын июль айына салыштырганда 100,8 пайызды түздү.

Ушул жылдын август айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорттогу ун 4,3 пайызга, биринчи сорттогу ун 0,4 пайызга, нан 11,9 пайызга, макорон азыктары 0,4 пайызга, уйдун эти 5,4 пайызга, сүт 17,3 пайызга, жумуртка 1,4 пайызга кымбатаган. Күн карама майы 3,9 пайызга төмөндөп, койдун эти өз ордунда калган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 99,9 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 107,6 | 106,3 | 102,2 |
| февраль | 98,8 | 99,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 115,8 | 98,5 | 104,4 |
| март | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 107,5 | 105,3 | 86,3 | 96,3 | 101,1 |
| апрель | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 103,7 | 91,5 | 97,7 | 107,8 |
| май | 101,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 111,8 | 99,7 | 106,1 |
| июнь | 97,8 | 98,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,7 | 97,8 | 100,9 | 101,1 |
| июль | 97,5 | 98,7 | 104,4 | 102,3 | 105,9 | 100,5 | 97,1 | 100,5 | 101,7 |
| август | 104,3 | 100,4 | 111,9 | 100,4 | 105,4 | 100,0 | 117,3 | 101,4 | 96,1 |

Жашылча-жемиштердин баалары өткөн айга салыштырмалуу пияз 21,6 пайызга, картошка 8,0 пайызга, кургатылган өрүк 16,5 пайызга кымбаттаган. Сабиз 27,9 пайызга, алма 12,3 пайызга төмөндөгөн. Ал эми грек жаңгагы өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 102,8 | 113,8 | 118,2 | 96,2 | 100,0 | 103,3 |
| февраль | 94,6 | 98,7 | 97,3 | 105,6 | 100,0 | 100,0 |
| март | 111,8 | 108,2 | 97,3 | 95,6 | 113,2 | 103,1 |
| апрель | 108,7 | 105,3 | 105,7 | 121,9 | 180,7 | 102,9 |
| май | 84,6 | 104,4 | 121,8 | 175,9 | 100,0 | 100,0 |
| июнь | 98,4 | 112,0 | 265,6 | 102,1 | 100,0 | 100,0 |
| июль | 98,8 | 84,7 | 106,5 | 44,6 | 100,0 | 100,0 |
| август | 121,6 | 108,0 | 72,1 | 87,7 | 116,5 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын август айында өткөн июль айына салыштырмалуу кийимдер 3,9 пайызга, бут кийимдер 5,3 пайызга, турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 2,3 пайызга, күйүүчү майлоочу материалдар 7,4 пайызга, бензин 7,9 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 0,9 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 1,8 пайызга кымбатаган. Катуу отун 4,5 пайызга төмөндөгөн. Ал эми кийим тигүү үчүн материалдар, суу менен камсыз кылуу, газеталар жана мезгилдүү басылмалар, фармацевтикалык продукциялар өз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(пайыз менен)

| | 2021ж. август2020ж. августуна карата | 2021ж. январь-август айлары 2020ж. январь-августуна карата | 2021ж. август айы 2021ж. июль айына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 112,2 | 107,0 | 103,9 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 102,6 | 103,3 | 100,0 |
| Бут кийим | 114,2 | 108,9 | 105,3 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 109,9 | 115,6 | 102,3 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 114,7 | 110,4 | 95,5 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 166,8 | 124,1 | 107,4 |
| Бензин | 171,3 | 126,5 | 107,9 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 110,4 | 109,1 | 100,9 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 106,2 | 101,8 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 111,1 | 107,0 | 101,8 |

Үстүбүздөгү жылдын август айын өткөн июль айына салыштырганда жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 3,0 пайызга, мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү 1,7 пайызга, чач тарач тейлөөлөрү 9,8 пайызга кымбаттаган. Байланыш тейлөөсү, маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр, билим берүү тейлөөсү, амбулаториялык тейлөөлөр, укуктук мүнөзүндөгү тейлөөлөр өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2021ж. август 2020ж. августуна карата | 2021ж январь-август 2020ж январь-августуна карата | 2021ж. август айы 2021ж. июль айына карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 117,2 | 108,5 | 103,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 100,2 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 102,4 | 102,3 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 111,2 | 102,7 | 101,7 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 121,8 | 101,3 | 109,8 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




## ***Мамлекеттик сектор***

***Финансы.*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2021-жылдын январь-июль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 646,4 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 114,1 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 1076,7 млн. сомду түзүп, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 59,2 пайызга, ал эми чыгашалар 9,3 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2021-жылдын январь-июль айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2021-жылдын январь-июль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 372,8 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 17,4 пайызга өскөн. Патенттин негизиндеги салык 29,3 пайызга, бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 82,3 пайызга, киреше жана пайда салыгы 30,4 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 30,2 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 0,3 пайызга жана кыймылсыз мүлк салыгы 13,4 пайызга өскөн. Ал эми жер салыгы 4,8 пайызга, товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 73,1 пайызга азайган. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин көбөйгөнү байкалды. Алсак 2020-жылдын январь-июль айларында жалпы кирешенин 14,4 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2021-жылдын январь-июль айларында 15,2 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн товарларды сатуудан жана тейлөө көрсөтүүдөн түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 49,2 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 27,1 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 4,8 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2021-жылдын январь-июль айларында 416,7 млн. сомду түзүп, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 3,7 пайызга көбөйгөн. Чыгашалардын 35,5 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 50,7 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 21,4 пайызы билим берүү тармагына (89,1 млн. сом) жумшалган.

### *Ишканалардын финансысы*

Облус боюнча ишканалардын финансы көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыгы менен 2021-жылдын январь-июнь айларында 79902,9 миң сом эсебинде баланстык чыгаша аныкталды.

Баланстык киреше 2021-жылдын январь-июнь айларында Баткен шаары боюнча 4538,1 миң сомду, Кызыл-Кыя шаарында 2686,7 миң сомду жана Сүлүктү шаары боюнча 19144,6 миң сомду түздү, ал эми калган бардык район, шаарлар чыгаша менен аяктады.

2021-жылдын январь-июнь айларында рентабелдүү ишканалардын саны 114 алардын кирешесинин көлөмү 71660,0 миң сомду түзүп, ишканалардын жалпы санына карата 34,0 пайызды түздү.

Баланстык чыгаша алган ишканалардын чыгаша суммасы Баткен районунда 493,6 миң сом, Кадамжай районунда 72596,2 миң сом жана Лейлек району боюнча 33182,5 миң сомду түздү.

2021-жылдын январь-июнь айларында чыгаша менен чыккан ишканалар, бардык ишканалардын санына карата 24,5 пайызды түзүп, чыгашаларынын жалпы суммасы 151562,9 миң сомго жеткен.

Дебитордук карыздар 2021-жылдын январь-июнь айларында 704573,7 миң сомго жетип, анын ичинен мөөнөтү өтүп кеткен карыздар 379188,6 миң сомду түздү. Дебитордук карыздардын жарымынан көбү өнөр-жай ишканаларына тийиштүү.

Кредитордук карыздар ушул мезгилге карата 3041265,1 миң сом өлчөмүндө аныкталып, анын ичинен мөөнөтү өтүп кеткен карыздар 1362434,6 миң сомго жетти.

Отчеттук мезгилдин акырына даяр продукциялардын көлөмү 175271,3 миң сомду түздү.

## Социалдык сектор

***<u>Турак жай.</u>*** 2021-жылдын январь-август айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 35505,0 чарчы метр болгон 330 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-август айларынын денгээлине салыштырмалуу 110,7 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 527234,7 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***<u>Демографиялык жагдай.</u>*** 2021-жылдын январь-июль айларында Баткен облусу боюнча 7561 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 181 балага азайган), же калктын 1000 не 23,3 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 1532 адам өлгөн (2020-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 122 адамга көбөйгөн), же калктын 1000 не алганда 4,7 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 6029 адамды, же 1000 кишиге 18,6 түздү.

2021-жылдын январь-июль айларында 97 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 12,8 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 22 балага азайган.




***__Калктын оорулары__***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2021-жылдын январь-август айында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Ал эми бактериялуу дизентерия менен 9, бактериалуу минингит менен 1 оорулуу катталды. Ичегинин өткүр инфекциясы менен 1935 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,1 эсеге өскөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 174 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 66,1 пайызга төмөндөгөн, анын ичинен гепатиттин В түрү менен 7 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 16,7 пайызга, эпидемиялык паротит менен 17 оорулуу катталып 70,0 пайызга көбөйгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан* бруцеллез оорусу менен 47 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 19,0 пайызга азайган, ал эми жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 514 учур катталып, өткөн жылдын деңгээлинен 6,6, эхинококкоз оорусу менен 17 оорулуу катталып 30,8, аскаридоз 841 учур катталып 38,6 пайызга жогору болду.

*Паразитардык оорулардан* ВИЧ инфекциясы менен ооругандар 12 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 25,0 пайызга, котур ооруусу 57 учур катталып 17,4, сифилис ооруусу менен 3 учур катталып 66,7 пайызга азайган. Ал эми педикулез 9 учур катталып 12,5 пайызга, гонорея 12 учур катталып 2 эсеге өскөн.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 8484 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 17,4, кургак учук менен ооруган 163 адам катталып 13,8 пайызга азайган. Кургак учук менен ооругандардын саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу обулстун бардык район, шаарларында төмөндөгөн.

***__Укук бузуулар.__*** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2021-жылдын январь-июль айларында облус боюнча 871 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 28,5 пайызга же 193 кылмышка көбөйгөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 10, карасанатайлык менен денеге оор залакат келтирүү 2, зордуктоо 4, ээнбаштык 87, уурулук 127, алдамчылык 96, тоноочулук 19, опузалап талап кылуу боюнча 4, бангизаттарга байланыштуу 34, кызматтык кылмыштар 107, экономика тармагында 14 кылмыш, 17 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2021-жылдын январь-июль айларында 817 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине карата 42 адамга көбөйгөн.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар-10, иштегендер-13, ишкерлер-10, мектеп окуучулары-15, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары-8, эч жерде иштебеген жана окубагандар-536ны түзөт.

***Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | беттер |
|---|---|---|
| | Реалдуу сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 17 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….........................……….............. | 18 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……..........................................………............ | 18 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………… ………………………………. | 19 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………. | 20 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..……………………………......... | 20 |
| 7 | Аймактар боюнча эгилген эгидердин түшүмүн жыйноонун жүрүшү жөнүндө......................................... | 21 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 22 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү………………………………….………….. | 22 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы......................................................... | 24 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү.................................. | 24 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча……………………………………………………. | 24 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши................................................................................. | 25 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………………………………………………. | 26 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 26 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү…………………………………………………………….. | 27 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…...............………....... | 27 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү……………………………………………………… | 28 |
| 19 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү……………………………………………. | 28 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 29 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо.......... | 29 |
| 22 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча)............................................................................................................... | 30 |
| 23 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 30 |
| 24 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча)………………………………………………………………………………. | 31 |
| 25 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү………………………………………………….. | 31 |
| 26 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)……………………….. | 31 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 27 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 32 |
| 28 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары май........... | 33 |
| 29 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-май | 33 |
| 30 | Калкты иш менен камсыз кылуу………………………………………………………………………………….. | 34 |
| 31 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны…………….……………………………………………… | 34 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| | Финансы | |
| 32 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| 33 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| 34 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| 35 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| | Ишканалардын финансысы | |
| 36 | Ишканалардын киреше жана чыгашалары……………………………………………………………………. | 37 |
| 37 | Ишканалардын карыздары жана даяр продукциялардын калдыктары........................................................ | 37 |
| | Социалдык сектор | |
| 38 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү……………………..…………………………………….. | 38 |
| 39 | Калктын төрөлүү, өлүү жана табигый өсүүсү боюнча катышы…………………………………………… | 38 |
| 40 | Жаш балдардын өлүмү………………………………………………………………………………………… | 38 |
| 41 | Облус боюннча жаш балдардын өлүмүнүн катышы…..… …..……………………………………. | 38 |
| 42 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны……….………………………………………………… | 39 |
| 43 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы………..…………………………………………… | 39 |
| 44 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны……………………………………………. | 39 |
| 45 | Катталган кылмыштар саны…………………………………………………………………………….. | 40 |
| 46 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………. | 40 |
| 47 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………………………. | 40 |

***Реалдык сектор***

Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү, январь-август

( миң сом)

| | 2020 | 2021 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***1818138,5*** | ***2308735,6*** | ***118,9*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***448569,9*** | ***691168,2*** | ***129,2*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 393007,6 | 514617,2 | 135,1 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 49240,4 | 170657,1 | 94,5 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 6321,9 | 5893,9 | 125,0 |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***811055,2*** | ***946207,1*** | ***118,1*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 386846,2 | 463595,3 | 111,0 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 386846,2 | 462811,9 | 110,7 |
| -тамеки өндүрүү | - | 783,4 | |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 99003,5 | 97100,9 | 133,8 |
| -текстил өндүрүшү | 68714,4 | 71235,3 | 105,8 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 30021,4 | 25563,5 | 134,5 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 267,7 | 302,1 | 106,8 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 18492,0 | 19779,3 | 106,6 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 18037,0 | 19245,3 | 106,6 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 455,0 | 534,0 | 123,8 |
| 4. Химия өндүрүшү | 58021,5 | 22146,0 | 105,0 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 157616,8 | 228358,6 | 138,0 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 28870,5 | 33445,5 | 98,5 |
| 7. Электр жабдууларды өндүрүү | - | - | - |
| 8. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 62204,7 | 81781,5 | 115,1 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***455980,9*** | ***502986,3*** | ***95,9*** |
| ***IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***102532,5*** | ***168374,0*** | ***138,7*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү

январь-август (миң сом)

| | 2020 | 2021 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***1818138,5*** | ***2308735,6*** | ***151,0*** | ***118,9*** |
| Электр энергиясыз | 1362157,6 | 1805749,3 | 153,9 | 121,9 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 87443,2 | 155860,9 | 100,3 | 108,4 |
| Кадамжай | 425292,8 | 528961,7 | 106,5 | 126,4 |
| Лейлек | 155540,6 | 293148,3 | 108,2 | 100,3 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 520238,4 | 573549,7 | 102,5 | 97,7 |
| Электр энергиясыз | 64257,5 | 70563,4 | 103,2 | 105,1 |
| Кызыл-Кыя | 306131,3 | 389316,3 | 226,5 | 126,0 |
| Сүлүктү | 323492,2 | 367898,7 | 80,7 | 104,5 |

*Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү*

| | Өлчөө бирдиги | 2020 | 2021 | 2021ж. январь-август айы 2020ж. январь-август айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | Январь-август | | |
| Таш көмүр | тонна | 255748,0 | 345493,0 | 135,1 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 5284,8 | 6941,0 | 131,3 |
| Бут кийим | жуп | 704 | 752 | 106,8 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 641,1 | 573,4 | 89,4 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | 367,4 | 682,2 | 185,7 |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 3108,8 | 3213,8 | 103,4 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 70,4 | 70,6 | 100,3 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 5698,0 | 6044,4 | 106,1 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 46257,3 | 63655,8 | 137,6 |
| Коньяк спирти | миң литер | 181,5 | 274,5 | 136,4 |
| Сурьма металы кошулма | % | | | - |
| Сымап | % | - | - | 105,0 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 3188,4 | 3386,0 | 106,2 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 648,7 | 683,4 | 105,3 |
| Кондитер азыктары | тонна | 319,2 | 341,5 | 107,0 |
| Килемдер | даана | 309 | 288 | 93,2 |
| Иштетилген сүт азыктары | тонна | 29,5 | 32,5 | 110,2 |
| Балмуздак | тонна | 51,5 | 60,7 | 117,9 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 88697 | 262352 | 295,8 |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 639867 | 455609 | 71,2 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 9,1 | 8,6 | 94,5 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 201438,2 | 193215,1 | 95,9 |

*Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү*

январь-август

| | 2020 | 2021 | 2021 % менен 2020 | 2020 | 2021 | 2021 % менен 2020 | 2020 | 2021 | 2021 % менен 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Бышырылган кирпич, миң даана*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***255748,0*** | ***345493,0*** | ***135,1*** | ***5284,8*** | ***6941,0*** | ***131,3*** | ***641,1*** | ***573,4*** | ***89,4*** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 4431,6 | 7225,0 | 163,0 | 430,4 | 1200,0 | 278,8 | 43,2 | 43,6 | 100,9 |
| Кадамжай | 89428,2 | 168276,0 | 188,2 | 4289,2 | 5412,3 | 126,2 | 184,9 | 224,3 | 121,3 |
| Лейлек | - | 194,0 | - | 433,2 | 118,2 | 27,3 | - | | |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 81,0 | 88,0 | 108,6 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 332,0 | 217,5 | 65,5 |
| Сүлүктү | 161888,2 | 169798,0 | 104,9 | 132,0 | 210,5 | 159,5 | - | - | - |

| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***5698,0*** | ***6044,4*** | ***106,1*** | ***3108,8*** | ***3213,8*** | ***103,4*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 362,5 | 365,0 | 100,7 | 1989,2 | 2035,2 | 102,3 |
| Кадамжай | 2272,7 | 2438,4 | 107,3 | 814,8 | 866,2 | 106,3 |
| Лейлек | 495,5 | 503,4 | 101,6 | 304,8 | 312,4 | 102,5 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 460,0 | 467,0 | 101,5 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 1707,3 | 1870,6 | 109,6 | - | - | - |
| Сүлүктү | 400,0 | 400,0 | 100,0 | - | - | - |

| | ***Кондитер азыктары, тонна*** | | | ***Өсүмдүк майы, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***319,2*** | ***341,5*** | ***107,0*** | ***70,4*** | ***70,6*** | ***100,3*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 25,9 | 26,9 | 103,9 | 24,2 | 26,1 | 107,9 |
| Кадамжай | 20,0 | 22,4 | 112,0 | 23,7 | 21,2 | 89,5 |
| Лейлек | 96,5 | 113,1 | 117,2 | 22,5 | 23,3 | 103,6 |
